
ОКУ!

Басма үйү
Издательский дом
Publishing House

www.okubasma.kg

# китептердин
# КАТАЛОГУ




**380 сом**

## Окуучу кыз

Автору: **Тара Вестовер**
Бети: **496**
Өлчөмү: **13х21см**
ISBN: 978-9967-486-51-5

Колуңуздагы китеп диний фанаттын үйүндө төрөлгөн жана заманбап илим-билимди жек көрүү сезими менен тарбияланган кыз жөнүндө.

Үй-бүлөдө жана коомдо кимдер ага жардам бергени, кимдер ага бут тоскону кадимки турмуштагы окуялардын ичинде, насаатчынын эмес, окуянын каарманынын тили менен жазылган.

Таң калычтуусу бул өмүр ушул биздин кылымда жашалган. Автор учурда 34 жашта жана 2014-жылы Кембридж университетинин интеллектуалдык тарых боюнча докторлук даражасын жактаган





**150 сом**

## Айбан чарба

Автору: **Жорж Орвел**
Бети: **152**
Өлчөмү: **12х20см**
ISBN:

Бул каймана мааниде жазылган чыгарма диктаторлукту, анын кантип пайда болуп, кайра кантип өнүгүп жүрүп отурарын таасын чагылдырат. Чыгарма жаныбарлар тууралуу жазылгандыктан, балдардан тартып, чоңдорго чейин кызыктуу жана жалпы окурмандарга арналат.




**220 сом**

## Идеалдуу эне болуу сырлары

Автору: **Адем Гүнеш**
Бети: **208**
Өлчөмү: **12x20см**
ISBN: 978-9967-486-44-7

Бул китепте үй-бүлөлүк маселелер, алардын чечилүү жолдору, мүчөлөрдүн орду, милдеттери жана жалпы эле бала тарбиялоодогу артыкчылыктар менен кемчиликтер берилди. Китеп бир гана энелерге эмес, жалпы эле окурмандарга арналат.




**170 сом**

## Карыптар

Автору: **Виктор Гюго**
Бети: **168**
Өлчөмү: **12x20см**
ISBN: 978-9967-486-25-6

Дүйнөлүк адабиятта өзгөчө орду бар «Карыптар» романы Виктор Гюгонун калемине таандык тарыхый чыгарма. XIX кылымдын чоң романдарынын бири болуп эсептелген «Карыптар» чыгармасында француз коомчулугунда орун алган окуялар баяндалат. Ачка отурган үй-бүлөсү үчүн нан уурдап беш жылга эң оор жумушка соттолгон, кийин жамандыкка жакшылык менен жооп берген жоомарт, боорукер кишиге айланган Жан Валжандын жашоосу жана анын замандаштарынын кылык-жоруктары, адамгерчилик сапаттары чагылдырылган.

Китеп мектеп окуучуларынан тартып бардык окурмандарга арналат.

www.okubasma.kg

www.okubasma.kg





**180 сом**

# Сүйө бил

Автору: **Малика Сергалый ж.б.**
Бети: **120**
Өлчөмү: **12х20см**
ISBN: 978-9967-486-86-7

Бул китепте кишилер арасындагы руханий көпүрө, өмүрдүн уюткусу, ортону жакындаткан, достукту бекемдеткен, солкулдабас биримдикти орноткон, тириликтин сен жана менин ыкташтырган, жарык дүйнөнүн бардык кедерги менен кесепетин жеңген улуу сезим – сүйүү жөнүндө баяндалат. Ата-мекенди, үй-бүлөнү, ата-энени жана табиятты сүйүү, сүйүүнүн беш тили сыяктуу тематикалык сөз кылынат.

Мектеп окуучулары менен жогорку окуу жайлардын студенттерине жана жалпы окурмандарга сунушталат.





**330 сом**

# **Манас** (кара сөз)

Автору: **З. Бектенов, К. Нанаев**
Бети: **320**
Өлчөмү: **13х21см**
ISBN: 978-9967-12-884-4

Бул китепке «Манас» эпосу менен көпчүлүк эл массасын, айрыкча мектеп окуучулары менен студенттерди кеңири тааныштыруу максатында адабиятчылар Зияш Бектенов жана Касымкул Нанаев тарабынан манасчылар Сагымбай, Саякбайдын айткандарынын негизинде 1948-жылы даярдалган эпостун кара сөз түрүндөгү варианты жарыяланды.




**330 сом**

# Малайзия. Бир өлкөнүн өнүгүү сырлары

Автору: **Махатхир Мохамад**
Бети: **456**
Өлчөмү: **13x21см**
ISBN: 978-9967-483-84-2

Малайзиянын төртүнчү жана эң күчтүү премьер-министри Махатхир Мохаммаддын бул китеби өлкөнүн жана элинин өскөнү, аны менен бирге бийликтеги жана оппозициядагы малай саясатчыларынын бышып жетилгени жөнүндө баяндай. Мурунку төбөлдөрү болгон британ администрациясы менен тирешкени, кийин кантип кызматташканы, өлкөнү өз мүлкүндөй башкарып, түрдүү келгиндерге каалаганындай соодалаган малай султандарын кантип ордуна коюп, алардын бийлигин чектегени, кытай коммунисттери жана байлары, радикал исламчы топтору менен кызыл чеке болуп тирешкенине карабай өлкөдөгү тынчтыкты сактап, өнүгүү жолуна түшкөнүнүн үлгүлөрү берилген.




**170 сом**

# Поллианна


Автору: **Элинор Портер**
Бети: **176**
Өлчөмү: **12x20см**
ISBN: 978-9967-486-54-6

Дүйнөлүк балдар адабиятынын «Алтын казынасына» кирген Поллианна романынын жазылганына жүз жылдан ашты. Анын автору Элинор Портердин эстелигинде «миллиондогон жүрөктөргө жарык чачты» деген жазуу бар. Бир кылымдан бери көптөгөн тилдерге которулуп, окурмандар тарабынан сүйүлүп окулуп келаткан, элдин жүрөгүнөн түнөк тапкан бул чыгарманын сыры эмнеде?

Дүйнөлүк классикалык адабияттардын катарын толуктаган «Поллианна» чыгармасы кыргыз тилинде алгачкы ирет жарык көрүүдө.

Китеп мектеп окуучуларынан тартып бардык окурмандарга арналат.

www.okubasma.kg




230 сом

# Тез окуу

Автору: **Мирас Кесебаев**
Бети: **240**
Өлчөмү: **12х21см**
ISBN: 978-9967-483-86-6

Бул китепте автор бат окуунун ыкмаларын бөлүшөт. Ар бир ыкманы өздөштүрүү жаатында көнүгүүлөр берилген. Ошону менен бирге, тез окууга кедергисин тийгизген адаттарды кантип жоюуну да үйрөтүп, окуган китепти эске тутуунун түрдүү жолдорун көрсөтөт. Андан сырткары, окурман окууга тийиш болгон китептердин тизмеси берилген. Бир жылда жүз китеп окуунун тажрыйбасы жазылган.

Китеп, бардык жаштагы окурмандарга арналат.




250 сом

# Баламды кантип тарбиялайм?

Автору: **Айгерим Туракулова**
Бети: **304**
Өлчөмү: **12х20см**
ISBN: 978-9967-483-41-5

Казак педагогу Айгерим Туракулованын калемине таандык бул китепте бала тарбиясына тиешелүү темалар, анын ичинде бала менен болгон мамиле, анын достору, күнүмдүк эрежелери, наристе кезинен тартып, эрезеге жеткенге чейинки маселелери жана аны чечүүнүн ыкмалары, жолдору кеңири баяндалган.

Китеп жалпы ата-энелерге, тарбиячыларга жана агартуучуларга арналат.




**330 сом**

## Кылым карытар бир күн

Автору: **Чыңгыз Айтматов**
Бети: **440**
Өлчөмү: **13x21см**
ISBN: 978-9967-9205-9-0





**330 сом**

## И дольше века длится день

Автору: **Чингиз Айтматов**
Бети: **400**
Өлчөмү: **13x21см**
ISBN: 978-9967-9218-0-1

www.okubasma.kg




**180 сом**

## Эрте келген турналар

Автору: **Чыңгыз Айтматов**
Бети: **144**
Өлчөмү: **13x21см**
ISBN: 978-9967-486-83-6




**220 сом**

## Ак кеме

Автору: **Чыңгыз Айтматов**
Бети: **192**
Өлчөмү: **13x21см**
ISBN: 978-9967-9205-8-3

www.okubasma.kg




**150 сом**

## Турмуш сабактары 1

Автору: **"Оку" басма үйү**
Бети: **136**
Өлчөмү: **13х20,5см**
ISBN: 978-9967-26-657-5

Жыйнак «Ыйык Ата Журт» коомдук жаштар фондунун «Шоокум» илим, турмуш жана маданият журналынын редакциясы тарабынан даярдалып, ага журналдын активдүү авторлору Бакыт Жунусалиев менен Жамал Бекчороеванын 2009-2011-жылдарда «Санат» рубрикасынын алдында жарык көргөн материалдары топтоштурулду.

Китепче жалпы билим берүүчү мектептердин «Адеп» сабагы мугалимдерине, класс жетекчилерине, ата-энелерге, тарбиячыларга, студенттерге, мектеп окуучуларына жана жалпы эле таалим-тарбия багытында иштеген адистердин кеңири чөйрөсүнө арналат.




**150 сом**

## Турмуш сабактары 2

Автору: **"Оку" басма үйү**
Бети: **112**
Өлчөмү: **13х20,5см**
ISBN: 978-9967-26-848-7

Жыйнак «Ыйык Ата Журт» коомдук жаштар фондунун «Шоокум» илим, турмуш жана маданият журналынын редакциясы тарабынан даярдалып, 2007-2011-жылдарда «Санат» рубрикасынын алдында жарык көргөн материалдары топтоштурулду.

Китепче жалпы билим берүүчү мектептердин «Адеп» сабагы мугалимдерине, класс жетекчилерине, ата-энелерге, тарбиячыларга, студенттерге, мектеп окуучуларына жана жалпы эле таалим-тарбия багытында иштеген адистердин кеңири чөйрөсүнө арналат.




150 сом

## Турмуш сабактары 3

Автору: **"Оку" басма үйү**
Бети: **112**
Өлчөмү: **13x20,5см**
ISBN: 978-9967-27-251-4

Жыйнак «Ыйык Ата Журт» коомдук жаштар фондунун «Шоокум» илим, турмуш жана маданият журналынын редакциясы тарабынан даярдалды.

Бул китеп жалпы билим берүүчү мектептердин «Адеп» сабагы мугалимдерине, класс жетекчилерге, ата-энелерге, тарбиячыларга, студенттерге, мектеп окуучуларына жана бардык ышкыбоз окурмандарга арналат.



150 сом

## Турмуш сабактары 4

Автору: **"Оку" басма үйү**
Бети: **112**
Өлчөмү: **13x20,5см**
ISBN: 978-9967-27-961-2

Жашоодогу окуялардын мазмунун так ачып, таасын чагылдырган ибараттуу икаялардын топтомунан турган «Турмуш Сабактары» китебинин төртүнчү санын назарыңыздарга сунабыз. Бул китеп да окурмандын китеп текчесинен орун алып, турмуштук тажрыйбасын арттырууда өз салымын кошот деген ишеничтебиз.

www.okubasma.kg





**150 сом**

## Турмуш сабактары 5

Автору: **"Оку" басма үйү**
Бети: **112**
Өлчөмү: **13х20,5см**
ISBN: 978-9967-28-264-3

Жашоодогу окуялардын мазмунун так ачып, таасын чагылдырган ибараттуу икаялардын топтомунан турган «Турмуш Сабактары» китебинин бешинчи бөлүгүн назарыңыздарга сунабыз. Бул китеп да окурмандын китеп текчесинен орун алып, турмуштук тажрыйбасын арттырууда өз салымын кошот деген ишеничтебиз.




**150 сом**

## Турмуш сабактары 6

Автору: **"Оку" басма үйү**
Бети: **112**
Өлчөмү: **13х20,5см**
ISBN: 978-9967-9040-0-2

Жашоодогу окуялардын мазмунун так ачып, таасын чагылдырган ибараттуу икаялардын топтомунан турган «Турмуш Сабактары» китебинин бешинчи бөлүгүн назарыңыздарга сунабыз. Бул китеп да окурмандын китеп текчесинен орун алып, турмуштук тажрыйбасын арттырууда өз салымын кошот деген ишеничтебиз.